# ЖАРЫЯ

| | |
|---|---|
| **1.** | Мамлекеттик органдын аталышы жана юридикалык дареги |
| | **Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү №257.** |
| | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Улуттук аккредитациялык кеңештин мүчөлүгүнө **жумуш берүүчүлөрдүн жана алардын кесиптик бирикмелеринин мүчөлөрү үчүн** ачык конкурс жарыялайт. |
| | Конкурска катышуучуга коюлуучу талаптар:<br>**<u>Кесиптик билим деңгээли:</u>** жогорку кесиптик билим.<br>**<u>Иш стажы жана тажрыйбасы:</u>**<br>- талапкерди сунуштаган уюмдун иштеген мөөнөтү 3 жылдан кем эмес болушу;<br>- талапкердин билим берүү системасында же билим берүү чөйрөсүндөгү кесиптик уюмдарда иш-тажрыйбасынын жана кесиптик байланыштарынын болушу;<br>- талапкердин аны сунуштаган уюмда иш тажрыйбасы 3 жылдан кем эмес болушу.<br>**<u>Жалпы квалификациялык талаптар. Төмөнкүлөрдү билүү:</u>**<br>1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;<br>2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамы;<br>3. Кыргыз Республикасынын “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” мыйзамы;<br>4. Кыргыз Республикасынын “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамы;<br>5. Кыргыз Республикасынын “Ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамы;<br>6. Билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш жөнүндө ЖОБО;<br>7. Билим берүү жаатындагы аккредитациялык агенттиктерди таануунун ТАРТИБИ;<br>8. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө токтому;<br>9. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы №120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама. |
| 2 | Тандоого катышуу үчүн төмөнкү документтер тапшырылууга тийиш: |

<table>
<tr><td colspan="2">Тандоого катышуу үчүн документтер төмөнкүдөй ырааттуулук менен папкага (Дело №) тиркелип тапшырылышы зарыл.<br>- жеке арызы;<br>- резюме (электрондук дареги көрсөтүү менен);<br>- нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө документтин көчүрмөсү;<br>- нотариустан же иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;<br>- паспорттун көчүрмөсү.</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Документтерди кабыл алуу убактысы жана орду</td></tr>
<tr><td colspan="2">Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги.<br>Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү №257.<br>Кабыл алуу мөөнөтү: 2023-жылдын 6-февралынан тартып  2023-жылдын 15-февралы, саат 18.00 чейин.<br>Байланыш телефону: (0312) 62-10-46, 0705155844. Кабинет № 426.</td></tr>
</table>